Тиркеме 53

2. Куратордун милдеттери

1. Колледждин тарбия иштери боюнча окуу жылынын комплекстүү иш планына жана тарбиялык иш чараларынын планына ылайык: окуу жылына иш план түзүү жана бекиттирүү;
2. Студенттик тайпанын окуудагы жана окуудан сырткаркы ишмердүүлүктөрүнө жыл бою көңүл бөлүү. Жумасына бир жолу куратордук саат өтүү;
3. Тайпанын активдерин (староста, сектор башчылары) демократиялык негизде дайындоо;
4. Тайпанын активдери менен тыгыз байланышта болуу жана аларды өз алдынчалыкка үйрөтүү;
5. Тайпанын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн иликтөө: студенттердин жатаканалардагы, үйлөрдөгү турмуштук-жашоо шарттарын, алардын социалдык абалын, кызыгууларын, жүрүм-турумун, бош убактысын эмне менен өткөзөөрүн куратор билүүгө тийиш;
6. Студенттердин сабактарга катышуусун жана жетишүүсүн үзгүлтүксүз көзөмөл кылуу;
7. Сабактарга катышуусу жана жетишүүсү начар студенттердин конкреттүү себептерин аныктоо жана аларга өз убагында жардам көрсөтүп туруу;
8. Студенттер окуу жайына ыңгайлашуусуна (адаптацияланусуна) жакындан жардам берүү;
9. Тайпанын студенттерин окуу планы, колледждин ички тартип эрежелери, экзамен-зачетторду тапшыруулардын эрежелери, билимди баалоонун рейтинг системасы менен тааныштыруу;
10. Өлкөдөгү, колледждеги маанилүү жаңылыктар, буйруктар, мыйзамдар менен тайпанын студенттерин кабардар кылып туруу;
11. Тайпанын студенттерин олимпиадаларга, кароо-сынактарга, спорттук мелдештерге, интеллектуалдык таймаштарга активдүү катыштыруу;
12. Окуудан четтетилген студенттерди кечиктирбестен ата-энесине кабарлоо;
13. Тайпадагы ынтымактуулукту камсыз кылуу. Өзүнүн кызыкчылыгы менен жамааттын кызыкчылыгын айкалыштыра алган жамаатчыл инсанды тарбиялоо;
14. Студенттин жүрүм-турумундагы терс көрүнүштөрдү жоюу;
15. Студенттерди өзүн өзү тарбиялоосуна, өзүнүн үстүнөн иштөөсүнө, бош убактысын пайдалуу нерселерге жумшоосуна усулдук жардам көрсөтүү;
16. Студенттерди Мекенин, колледжин, кесибин сүйүүгө тарбиялоо;
19. Мамлекеттин, колледждин символдорун (гимн, герб, желегин) урматтоого тарбиялоо;
20. Студенттердин дүйнөгө болгон көз караштарын кеңейтүү максатында кураторлук сааттарда саясий, маданий, экономикалык жаңылыктарды, ар түрдүү тарбиялык багыттагы темалар боюнча аңгемелешүүлөр, талкуулар, докладдарды уюштуруу;
21. Окуу-тарбия процессинде студенттердин кесиптик билим алуусуна приоритеттүү маани берүү, ошону менен бирге аларды маданияттуулукка, интеллигенттүүлүккө тарбиялоо, коомдогу активдүүлүгүн жана коомдукка болгон табитин өнүктүрүү, коом алдында жарандык өсүп жетилүүсүн жана жоопкерчилигин калыптандыруу;
22. Шаардын жана колледждин коомдук, маданий-массалык иш чараларына тайпаны активдүү катыштыруу;